КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ЧҮЙ ОБЛУСУ
СОКУЛУК РАЙОНУ
САЗ АЙЫЛДЫК
КЕНЕШИ
Саз айылы Бозжигит Турдубаев к.38
тел (0-3134) 70-1-83;70-1-84
ИИН 01312199610133

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ЧУЙСКОЙ ОБЛАСТИ
СОКУЛУКСКИЙ РАЙОН
САЗСКИЙ АИЫЛНЫЙ
КЕНЕШ
с.Саз ул.Бозжигит Турдубаев 38
тел: (0-3134) 70-1-83;70-1-84
ИИН 01312199610133

22 - 12 - 2022 - 26

Саз айылдык кенештин XXYII – чакырылышынын 7-сессиясынын

**ТОКТОМ** **ПОСТАНОВЛЕНИЕ**

**Мүлк салыгын башкаруу жана зоналдык коеффицентерин КЗ бекитүү жөнүндө**

Турак жай жана турак эмес мүлккө мүлк салыгын, транспорт каражаттарына салыкты, жеке участокторго жер салыгын, айыл чарба жерлерин пайдалагнадыгы үчүн жер салыгын, жер салыгын киргизүү боюнча айыл өкмөтүнүн сунушун угуп жана талкуулап Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 3-беренесинин 2-пункутуна ылайык турак жана турак эмес мүлккө мүлк салык, транспорт каражаттарына салык, жер участогуна салык,айыл чарба жерлерине пайдалангандыгы үчүн жер салыгы, калктуу конуштардын жерлерин жана айыл чарба багытындагы эмес жерлерди пайдалагнадыгы үчүн салык. 2022-жылдын 18- мартындагы №4 Кыргыз Республикасынын Салык кодексинин колдонуга киргизүү жөнүндө 2023-жылдын 1 –январынан тартып жергиликтүү кеңештер тарабынан ишке ашырылат. Кыргыз Республикасынын Салык кодексинин 388-беренесинин 13-бөлүмүнө ылайык имараттарга, курулмаларга жана жайлар үчүна зоналдык КЗ коэффицентин, калктуу конуштун жерлерине жана айыл чарба багытындагы эмес жерлер үчүн 404-стаьясына ылайык, жеке менчик участогунан жер салыгы ошондой эле Кыргыз Республикасынын 2018-жылдын 10- августундагы №90 Салык эмес кирешелер жөнүндө кодексинин 14 – беренесинин негизинде калктуу конуштарда таштандыларды чыгаруу үчүн төлөмдүн ставкасына Саз айылдык кеңешинин кезектеги сессиясы

**Токтом кылат:**

1. Саз айыл аймагында 2023-жылдын 1-январынана тартып турак жай жана турак эмес мүлккө салык,транспорт каражаттарына салык, жеке участогуна жер салыгы, айыл чарба багытындагы жерлерди пайдалангандыгы үчүн,калктуу конуштарды жерлерин пайдалагнадыгы үчүн жана айыл чарба багытындагы эмес жерлерге жер салыгы киргизилсин.

2. Саз айыл аймагынын айыл чарбалык эмес максаттарга, короо-сарай жана бакча участокторуна жер салыгын эсептөө үчүн КЗ 2,0 бекитилсин

3. Ушул токтомдун 1-2-пунктта көрсөтүлгөн салыктарды администрациялоо Кыргыз Республикасынын салык кодексине ылайык жүзөгө ашырылсын.

4. 2023-жылдан баштап юридикалык жактардан жана жеке ишкерлерден таштанды чыгаруунун тарифи бир кызматкерге 100 сом өлчөмүндө бекитилсин.

5. Бул токтом каттоодон өткөрүлсүн жана ченемдик актылардын мамлекеттик реестрине киргизүү үчүн Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигине жөнөтүлсүн.

6. Токтом жарыяланган күндөн тартып күчүнө кирет.

**Төрага** **Т.Сагыналиев**